# Жүрөктү кетпе жаралап

Сөзү: Гилязетдинов Ильгиз

Обону: Абдыкадыров Рыспай

Өзүңдү сүйгөн күнөөмбү?

Өрттөндүм, аргам түгөндү.

Ашыктык гүлү ачылсын,

Жүрөккө сепчи үрөндү.

Өкүнүп улам тездеши,

Өмүр ал учкул кез дечи.

Жазыксыз сүйүп калганга,

Касыңдай мени эзбечи.

Адамда ар сыр, кыял бар,

Айталбайт аны уяңдар.

Өчпөгөн көңүл чолпону,

Өзүңө мендей улан зар.

Дартыңды ачуу далалат,

Даба тап, сүйүүм аманат.

Суу бүркүп үмүт отуна,

Жүрөктү кетпе жаралап.